Долбоор
3-тиркеме

# Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу жөнүндө
# ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик (мындан ары – ВАУА) тарабынан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна төмөнкү ишти жүзөгө ашырууга лицензия берүүнүн тартибин аныктайт:

1) виртуалдык активдерди сатып алуу жана сатуу (алмаштыруу);

2) виртуалдык активдердин ортосунда алмаштыруу.

Бул Жобо менен виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлоруна жана алардын кызмат адамдарына, ошондой эле виртуалдык активдерге байланыштуу операцияларды жүргүзүү тартибине карата талаптар белгиленет.

Бул Жобо өзгөчө укуктук режими жана статусу бар “Тамчы” атайын финансылык инвестициялык аймагынын финансылык институттарынын ишине жайылтылбайт.

2. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору акционердик коомдун же жоопкерчилиги чектелген коомдун уюштуруу-укуктук формасында түзүлөт, ишин ушул Жобого ылайык ВАУАнын лицензиясынын негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келген уюштуруу документтеринин негизинде жүзөгө ашырат.

3. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестринде мамлекеттик каттоодон өтүүгө тийиш.

## 2-глава. Терминдер жана аныктамалар

Терминдер “Виртуалдык активдер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында жана “Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында (мындан ары - КИК/ККЛК) аныкталган маанилерде колдонулат.

Бул Жободо ошондой эле төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**виртуалдык активдер чөйрөсүндөгү саясатты ишке ашыруу жана жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Виртуалдык активдер жана блокчейн-технологиялар боюнча улуттук агенттик (мындан ары - ВАУА);

**виртуалдык активдер чөйрөсүндө көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы (мындан ары - Финкөзөмөл);

**Арыз ээси** – ушул Жобого ылайык виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензия алуу үчүн ВАУАга кайрылган юридикалык жак;

**Кызмат адамдары** – башкаруунун байкоо органынын (бар болсо Директорлор кеңешинин) мүчөлөрү, башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрү жана/же виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун күндөлүк ишине жетекчилик кылган адамдар, башкы бухгалтер, бөлүмдүн жетекчиси/тобокелдиктер жана комплаенс боюнча ыйгарым укуктуу кызматкер;

**Адистештирилген соода платформасы -** бул төмөнкүлөргө мүмкүндүк берген маалыматтын аудиовизуалдык жана программалык-техникалык жыйындысы:

-программалык-техникалык каражаттарды (мисалы, персоналдык компьютерлерди) пайдалануу менен виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору жүзөгө ашырган виртуалдык активдер менен операциялардын (бүтүмдөрдүн)баалары жана башка шарттары жөнүндө маалыматтарды карап чыгуу;

- кардарлар тарабынан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун лицензиясында каралган виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдүн бардык түрлөрүн (сатып алуу, ажыратуу, алмашуу) жасоо;

**Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору -** ушул Жобонун 1-пунктунда каралган ишти жүзөгө ашырган, лицензияланган виртуалдык активдер кызматтарын көрсөтүүчү;

**Эл аралык электрондук акча -** жайгашкан өлкөнүн мыйзамдарынын алкагында Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Кыргыз Республикасынын резиденттери эместери тарабынан чыгарылган (эсепке

алынуучу) электрондук акча, электрондук акча каражаттары, электрондук формадагы акча милдеттенмелери.

**Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестри** – виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору, дубликатты берүү, кайра тариздөө, берүү, лицензияны токтото туруу жана чакыртып алуу жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматтардын электрондук базасы ВАУАнын расмий сайтында жайгаштырылат.

## 3-глава. Лицензия алуу үчүн документтердин тизмеси

4. Лицензия алуу үчүн юридикалык жак ВАУАга мамлекеттик же расмий тилде (кагаз же электрондук формада) төмөнкү документтерди/маалыматтарды берет:

1) юридикалык жактын аталышын жана уюштуруу-укуктук формасын, анын жайгашкан жерин (почта дарегин), электрондук почтасынын дарегин көрсөтүү менен лицензия берүү жөнүндө арыз 1-тиркемеге ылайык;

2) уставдык капитал катары акча каражаттарынын салынгандыгын тастыктаган документ (эсептеги каражаттардын болушу жана суммасы жөнүндө маалымкат, банктык эсептен көчүрмө);

3) нотариалдык күбөлөндүрүлгөн юридикалык жактын уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрү (уставдын жана уюштуруу келишиминин (эгерде бирден ашык уюштуруучу болсо); юридикалык жакты түзүү жөнүндө, уставдык капиталдын өлчөмү жөнүндө, директорлор кеңешин (эгер бар болсо) жана башкаруунун аткаруу органын шайлоо жөнүндө чечимдердин);

4) юридикалык жактын катышуучулары/акционерлери/уюштуруучулары - жеке жактары жана бенефициардык ээлери боюнча документтер/маалыматтар (юридикалык жактын түпкү бенефициардык ээлерин аныктоого мүмкүндүк берген юридикалык жактын менчик структурасынын схемалык сүрөттөлүшү);

- паспорттун көчүрмөсү (резидент үчүн ID-паспорттун көчүрмөсү, резидент эмес үчүн-котормосу менен нотариалдык күбөлөндүрүлгөн чет мамлекеттин жаранынын паспортунун көчүрмөсү);

- салык салуу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада документтерди берүү датасына карата салыктарды төлөө боюнча карызынын жоктугу жөнүндө маалымкат (резидент эмес жеке жак үчүн ушундай эле документтерди келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык берүү зарыл);

- соттолгон эместиги жөнүндө маалымкат;

- уюштуруучунун (акционердин/катышуучунун) уставдык капиталды түзүүгө багытталган каражаттарынын келип чыгуу булактарын аныктоого мүмкүндүк берүүчү маалымат жана тиркелген ырастоочу документтер.

Түзүлүп жаткан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун акционери/уюштуруучусу/катышуучусу/бенефициардык ээси болуп саналган Кыргыз Республикасынын резидент эмес - жеке жагы Кыргыз Республикасынын резиденти - жеке жак үчүн талап кылынган документтерге окшош акчанын келип чыгуу булактарын тастыктаган документтерди берүүгө тийиш.

5) юридикалык жактын кызмат адамдарынын документтери (паспорттун көчүрмөсү (резидент үчүн ID-паспорттун көчүрмөсү, резидент эмес үчүн-котормосу менен нотариалдык күбөлөндүрүлгөн чет мамлекеттин жаранынын паспортунун көчүрмөсү);

- салык салуу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган формада документтерди берүү датасына карата салыктарды төлөө боюнча карызынын жоктугу жөнүндө маалымкат (резидент эмес жеке жак үчүн ушундай эле документтерди келип чыккан өлкөнүн мыйзамдарына ылайык берүү зарыл);

- соттолгон эместиги жөнүндө маалымкат;

- талапкерди кызмат ордуна шайлоо/дайындоо жөнүндө чечимдин (буйруктун, токтомдун, тескеменин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү.

6) юридикалык жактын катышуучулары/акционерлери/уюштуруучулары, кызмат адамдары жана бенефициардык ээлери тарабынан толтурулган жана кол коюлган ушул Жобонун 2, 3-тиркемелерине ылайык форма боюнча анкеталар же болбосо толтурулган анкеталардын сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрү кийин түп нускасын берүү менен;

7) ички документтердин көчүрмөлөрү:

- КИК/ККЛК боюнча ички контролдук системасы, санкциялык тизмелер боюнча кардарларды текшерүү, кардарлардын мониторинги жана транзакциялар, тобокелдиктердин матрицасы, тобокелдиктерди тескөө боюнча документтер;

- техникалык, маалыматтык, технологиялык коргоо чаралары, маалыматтык коопсуздук (кибер коопсуздук), криптокапчыктардын ачкычтарын башкаруу жана иштин үзгүлтүксүздүгү, керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо, жеке маалыматтарды иштеп чыгуу;

- виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иштөө эрежелери;

- Адистештирилген платформада штаттан тышкаркы кырдаалдар келип чыккан учурда иш-аракеттердин тартиби;

- алдыдагы эки жылдык өнүгүүгө техникалык-экономикалык негиздеме (бизнес-план).

8) адистештирилген платформа (маалыматтык системалар жана (же) программалык-техникалык комплекстер) жөнүндө маалыматтар/документтер, Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан серверде жайгаштырылган платформаны орнотуу жана өнөр жайлык пайдаланууга киргизүү актысы;

9) тарифтик саясат;

10) мөөрдүн оттискасы менен уюштуруу документтерине ылайык жетекчинин же башка ыйгарым укуктуу адамдын колу коюлган, эгерде юридикалык жактын атынан ишеним кат боюнча өкүл иш алып барса, лицензия алуу үчүн өкүлгө берилген ишеним кат;

11) лицензия үчүн мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

12) (Anti-Money Laundering/Know Your Transaction) AML/KYT-кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүсү менен алдын ала түзүлгөн келишимдин көчүрмөсү;

13) виртуалдык активдердин электрондук капчыктарынын даректери, анда виртуалдык активдердин электрондук капчыгы ачылган платформанын аталышы көрсөтүлөт;

14) виртуалдык активдердин тооругунун оператору (криптобиржа) түзүлгөн IP дарек;

15) идентификациясы жана AML программасы бар программалык-техникалык каражаттардын болушу (программанын иштешин баяндоо менен программанын паспорту).

Бардык документтерге жетекчи кол коюуга тийиш, ал эми документтер электрондук форматта берилген учурда санариптик кол тамга менен ырасталат.

5. Чет өлкөлүк уюштуруучулар/акционерлер тарабынан берилген документтер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте легалдаштырылууга жана апостилдештирилүүгө тийиш.

Чет тилде берилген документтер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана/же расмий тилдерине тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн котормосун камтууга тийиш.

6. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору лицензия алуу үчүн виртуалдык активдер менен байланышкан маалыматтардын, көрсөтүлгөн кызматтардын аныктыгы, ошондой эле маалыматтагы өзгөрүүлөр жөнүндө ВАУАга билдирүүнүн өз убагында берилиши үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликти тартышат.

Талаптарга ылайык, ВАУА арыз ээсине лицензия жана виртуалдык активдерге байланыштуу уруксат берилген кызматтардын тизмесин берет.

7. Ушул Жободо каралган документтерди берүү менен бирге виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору/акционер/катышуучу/кызмат адамы жеке маалыматтары ВАУАга берилген адамдарга карата ушул Жобонун 6-тиркемесине ылайык жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун берүүгө тийиш.

Жогоруда көрсөтүлгөн макулдуктун берилбеши берилген документтерди, анын ичинде виртуалдык активдерди тейлөө провайдеринин кызмат адамдарын кароодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

## 4-глава. Акционерлерге/уюштуруучуларга/катышуучуларга, бенефициардык ээлерине жана кызмат адамдарына карата талаптар

8. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары, бенефициардык ээлери жана кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын жеке жана юридикалык жактары, резиденттери/резидент эместери болушу мүмкүн.

Юридикалык жактын акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары, бенефициардык ээлери жана кызмат адамдары жөнүндө маалыматтар ушул Жобонун 2, 3-тиркемелерине ылайык анкетада берилүүгө тийиш.

9. Төмөнкүлөр виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун акционерлери/уюштуруучулары/катышуучулары, бенефициардык ээлери жана кызмат адамдары боло алышпайт:

- оффшордук зонада туруктуу жашаган жеке жактар жана (же) анда катталган юридикалык жактар - резидент эместер;
- оффшордук аймактарда жайгашкан банктарда эсептери бар юридикалык жана жеке жактар;
- юридикалык жактар, эгерде алардын акционери (катышуучусу) оффшордук аймакта туруктуу жашаган жеке жак болсо;
- саясий партиялар, кесиптик бирликтер жана диний уюмдар;
- КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык аныкталган санкциялык тизмектерге, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерге киргизилген жеке жана юридикалык жактар;

- виртуалдык активдерди алмашуу операторунун уставдык капиталын түзүүгө же анын уставдык капиталындагы акцияларды (үлүштөрдү) сатып алууга багытталган акча каражаттарынын (каражаттардын келип чыгуу булактарынын) келип чыгышынын мыйзамдуулугун ырастоочу документтерди бербеген юридикалык жана жеке жактар;

- ВАУАга документтерди берүү датасына чейинки акыркы 3 (үч) жылдын ичинде лицензиясы кайтарылып алынган виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүлөрүнүн кызмат адамдары, акционерлери (уюштуруучулары, катышуучулары) же бенефициардык ээлери болуп саналган жеке жактар. Көрсөтүлгөн чектөө, ошондой эле ушул Жободо каралган негиздер боюнча ВАУА макулдашууну чакыртып алган адамдарга карата да колдонулат (чакыртып алуу кызмат адамынын демилгеси боюнча эмгек мамилелеринин токтотулушу менен гана шартталган учурларды кошпогондо).
- ушул Жобонун 16-пунктуна ылайык өзүнүн кынтыксыз ишкердик беделин тастыктабаган адамдар.

**5-глава. Уставдык капитал**

10. Минимальный размер уставного капитала операторов обмена виртуальных активов Кыргызской Республики должен быть сформирован только в национальной валюте Кыргызской Республики, в безналичной форме, исключительно за счет денежных средств учредителей.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү арыз берилген күнгө карата акча каражаттары түрүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген 40 000 000 (кырк миллион) сомдон кем эмес өлчөмдө белгиленет.

Уставдык капиталды түзүү үчүн кредитке, зайымга алынган каражаттарды пайдаланууга жол берилбейт.

11. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун өздүк каражаттары ушул Жобонун жогоруда аталган пунктунда белгиленген уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнөн кем болбоого тийиш.

12. Уставдык капиталдын өлчөмүн өзгөртүү (жогорулатуу) жөнүндө чечим кабыл алынган учурда, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору чечим кабыл алынган күндөн тартып 15 (он беш) жумуш күндүн ичинде ыйгарым укуктуу органга юридикалык жактын башкаруу органынын тиешелүү чечиминин мыйзамда белгиленген тартипте күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн (же мындай чечимдин көчүрмөсүнүн түп нускасын) берүүгө тийиш.

Кызмат көрсөтүүлөрдү берүүчүлөрдүн бири виртуалдык активдер боюнча иштин бир нече лицензияланууучу түрлөрүн виртуалдык активдер менен айкалыштырган учурда мындай виртуалдык активдер боюнча кызмат көрсөтүүчүлөрдү берүүчүлөрдүн уставдык капиталынын минималдуу өлчөмүнө уставдык капиталдын эң аз минималдуу өлчөмү каралган иштин түрү үчүн белгиленген талаптар колдонулат.

## 6-глава. Кызмат адамдарын макулдашуу тартиби

13. Талапкерлиги ВАУА менен милдеттүү түрдө макулдашылууга тийиш болгон кызмат адамдары:

- директорлор кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү (бар болсо);

- аткаруу органынын жетекчиси (аткаруу органынын функцияларын жеке өзү жүзөгө ашыруучу адам) жана мүчөлөрү;

- башкы бухгалтер;

- бөлүмдүн жетекчиси / тобокелдиктер жана комплаенс боюнча ыйгарым укуктуу кызматкер.

14. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун кызмат адамдары (жетекчи, аткаруу органынын мүчөлөрү, башкы бухгалтер, тобокелдиктер жана комплаенс боюнча бөлүмдүн жетекчиси (ыйгарым укуктуу кызматкер)) төмөнкү квалификациялык талаптарга жооп бериши керек:

1) жогорку билим (экономикалык, юридикалык, маалыматтык технологиялар, финансы же башка профилдик), башкы бухгалтер үчүн бухгалтердик эсеп тармагында атайын орто билимге жол берилет;

2) виртуалдык активдер, экономикалык, банктык, финансылык, юридикалык жана/же маалыматтык технологиялар маселелери боюнча тажрыйба:

- жетекчи жана комплаенс үчүн кеминде 1 (бир) жыл;

- башкы бухгалтер үчүн-1 (бир) жылдан кем эмес.

3) Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер жана КИК/ККЛК жөнүндө мыйзамдарын билүү;

4) тобокелдиктер жана комплаенс боюнча бөлүмдүн жетекчиси (ыйгарым укуктуу кызматкер) үчүн КИК/ККЛК боюнча сертификаттын жана/же ошол багыт боюнча атайын окуудан өткөндүгүн тастыктаган башка документтердин болушу;

5) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторун өнүктүрүү боюнча бизнес-планды жана стратегияны билүү;

6) кемчиликсиз ишкердик кадыр-баркка ээ болуу (талапкерге карата экономика, финансы чөйрөсүндө жана кызматтык кылмыштар үчүн айыптоо өкүмү жок);

7) ушул Жобонун 16-пунктунда каралган негиздердин жоктугу.

15. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун бухгалтердик жана финансылык эсебин бухгалтердик кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдин (аутсорсинг) негизинде жүргүзүүгө жол берилет.

16. Кызмат адамдары кемчиликсиз ишкердик кадыр-баркка ээ болушу керек. Төмөнкү учурларда адам кемчиликсиз ишкердик кадыр-баркка ээ эмес же аны жоготкон деп эсептелет:

1) эгерде жактын алдамчылык жана экономикалык ишти жүзөгө ашыруу тартибине каршы кылмыш жасагандыгы үчүн алып салынбаган жана жоюлбаган соттуулугу болсо;

2) эгерде жак өзү мажбурлап жоюлууга дуушар болсо, банкроттук же сот тарабынан юридикалык жактын олуттуу катышуучусу же башкаруу органынын мүчөсү катары адамдын аракети же аракетсиздиги банкроттукту кошо алганда, мажбурлап жоюлууга алып келди деп таанылса;

3) эгерде жак соттун чечими же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын чечими боюнча банктык, финансылык, аудитордук, камсыздандыруу жана инвестициялык чөйрөлөрдө ишти жүзөгө ашырууга укуксуз болсо;

4) жакта өзүнүн финансылык милдеттенмелерин төлөө боюнча соттун аткарылбаган чечими болгон учурда;

5) эгерде жак ВАУАга атайылап анык эмес маалыматтарды жана документтерди берсе.

6) эгерде олуттуу финансылык чыгымдардын келип чыгышы жөнүндө күбөлөндүргөн, иши үчүн талапкер жооптуу болгон жөнгө салуучу органдардын текшерүүлөрүнүн материалдары болсо.

17. Кызмат адамын макулдашуу үчүн, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору төмөнкү документтердин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн тиркөө менен ар бир талапкерди макулдашуу жөнүндө катын (өзүнчө) ВАУАга тапшырышы керек:

1) талапкерди шайлоо/дайындоо жөнүндө чечимдин (буйруктун, токтомдун) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

2) талапкердин ким экендигин күбөлөндүргөн документтин;

3) соттуулугу жоктугу жөнүндө маалымкат;

4) ушул Жобонун 2-тиркемесине ылайык белгиленген форма боюнча талапкердин Анкетасынын түп нускасы;

5) эмгек китепчесинин же иш стажын (тажрыйбасын) ырастаган башка документтин көчүрмөсүн;

6) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мындай уруксатты алуу милдеттүү болгон учурларда чет өлкөлүк жарандар үчүн эмгектенүүгө же башка ишке уруксат берүү;

7) жетекчи жана комплаенс үчүн КИК/ККЛК жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жаатында, ошондой эле иштин тиешелүү чөйрөсүндө окуудан жана билимден өткөндүгүн тастыктаган сертификат же документ.

Эгерде кызмат адамынын талапкерлигин макулдашуу үчүн документтер "Түндүк" электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү системасында бар болсо, анда аларды ВАУАга берүү талап кылынбайт.

18. Эгерде ВАУА менен макулдашылууга тийиш болгон кызмат ордуна талапкер акыркы 12 (он эки) календардык айдын ичинде башка виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүсүндө, виртуалдык активдердин тооругунун операторунун (криптобиржанын) ушундай кызмат ордуна ВАУА менен макулдашылган болсо жана мында акыркы 12 ай ичинде таасир этүү чаралары жок болсо, ага карата жөнөкөйлөтүлгөн макулдашуу жол-жобосу колдонулат.

Бул Жободо көрсөтүлгөн документтердин толук топтомун кайталап тапшыруу талап кылынбайт, болгону төмөнкүлөр берилиши керек:

1) ушул Жобонун 2-тиркемесинин формасы боюнча жаңыланган Анкета;

2) мурунку иштеген жери боюнча эмгек мамилелеринин токтотулгандыгын тастыктаган документ (бар болсо).

Документтерди жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жоболор тартибинде кароо мөөнөтү - 15 (он беш) жумушчу күндөн ашык эмес.

Жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жобо тобокелдиктер жана комплаенс боюнча бөлүмдүн жетекчисинин (ыйгарым укуктуу кызматкердин) кызмат ордуна, ошондой эле ВАУАнын талапкерге карата аткарылбай калган таасир этүү чаралары бар болсо, колдонулбайт.

19. Анкетада камтылган маалыматтар өзгөргөн учурда макулдашуудан өткөн кызмат адамдары өзгөрүүлөр болгондон кийин 10 (он) жумушчу күндүн ичинде жаңыланган Анкетаны тиркөө менен бул жөнүндө ВАУАга билдирүүгө милдеттүү.

20. Кызмат адамдарынын курамы өзгөргөндө, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору жаңы кызмат адамы шайланган (дайындалган) күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде кызмат адамдарынын курамындагы өзгөрүүлөр жөнүндө ВАУАга кабарлоого милдеттүү.

Жаңы талапкерди макулдашуу жөнүндө кат шайланган (дайындалган) күндөн тартып 10 (он) жумушчу күндүн ичинде ВАУАга ушул Жобого ылайык зарыл документтерди тиркөө менен берилет.

21. Кызмат адамынын макулдашуусуна документтер мамлекеттик же расмий тилдерде берилет.

22. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун кызмат адамдарын дайындоого (шайлоого) макулдашуу үчүн берилген документтер ВАУА тарабынан берилген күндөн тартып 30 (отуз) жумушчу күндүн ичинде каралат.

23. Берилген документтер ушул Жободо белгиленген талаптарга ылайык толтурулган Анкетанын толуктугу жана тактыгы боюнча белгиленген талаптардын аткарылышына карата каралат.

24. Эгерде документтер ушул Жободо белгиленген талаптарга жооп бербесе жана / же документтердин толук эмес топтому берилсе, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору ВАУАнын жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн алган күндөн тартып 30 (отуз) иш күндүн ичинде кошумча документтерди берүүгө тийиш.

Документтер электрондук почта аркылуу берилиши мүмкүн, андан кийин документтердин түп нускасы/көчүрмөлөрү тапшырылат. Мында арызды жана документтерди кароо мөөнөтү ушул Жобонун талаптарына ылайык келген кошумча документтер (электрондук/кагаз түрүндө) алынган күндөн тартып кайрадан эсептелет.

## 7-глава. Лицензияны макулдашуудан жана берүүдөн баш тартуу үчүн негиздер, лицензиянын ажыратылбастыгы, лицензияны токтото туруунун жана чакыртып алуунун негиздери

25. Эгерде документтер ушул Жобонун талаптарына жооп бербесе, же толук көлөмдө 3 (үч) жолудан ашык берилбесе, же белгиленген мөөнөттөрдү бузуу менен берилсе, ВАУА документтерди кароодон баш тартат жана бул тууралуу жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтөт.

26. ВАУА төмөнкү негиздер боюнча кызмат орундарына талапкерлерди бекитүүдөн баш тартууга милдеттүү:

1) кызмат адамдарынын ушул Жободо белгиленген талаптарга жооп бербегендиги;

2) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун белгиленген мөөнөттөн кийин эскертүүлөрдү оңдобогондугу же кайра каралган документтерди бербегендиги;

3) ушул Жобонун талаптарына жооп бербеген же ушул Жобого толук жооп бербеген документтерди бергендиги;

4) тиешелүү кызмат орду үчүн ушул Жободо белгиленген квалификациялык талаптарга жооп бербегендиги;

5) ушул Жобонун 16-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда жеке адам кемчиликсиз ишкердик кадыр-баркка ээ эмес же жоготкон деп эсептелгендиги;

6) жеке адам ушул Жобонун 9-пунктунда каралган чектөөлөргө дуушар болгондугу;

7) жеке адам кылмыш иши боюнча шектүү/айыпталуучу катары тартылган учурда, ВАУА бул тууралуу маалымат алган күндөн тартып.

27. ВАУА талапкерди макулдашуу жөнүндө чечимди жокко чыгарууга жана талапкер макулдашылгандан кийин төмөнкү негиздер табылган учурда кызмат адамын четтетүүнү талап кылууга укуктуу:

1) ушул Жобонун 26-пунктунда көрсөтүлгөн, Макулдашуу мезгилинде болгон, бирок макулдашуу учурунда ВАУАга белгилүү болбогон негиздер боюнча;

2) кызмат адамынын КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган санкциялык тизмектерге, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерге киргизилиши;

3) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторун текшерүү учурунда аныкталган ыйгарым укуктуу органдын тийиштүү макулдугусуз кызмат адамынын функцияларын иш жүзүндө аткаруу, анын ичинде ВАУАга кабарлабастан юридикалык жактын - лицензия алуучунун үстүнөн башкарууну иш жүзүндө өткөрүп берүү (ээликтен ажыратуу) учурлары;

4) ВАУА тарабынан суралып, берилген документтерди жана кошумча маалыматтарды текшерүүнүн натыйжасында аныкталган уюштуруучунун/бенефициардык ээсинин акча каражаттарынын жана башка мүлкүнүн келип чыгышынын мыйзамдуулугун тастыктоонун мүмкүн эместиги.

28. Талапкерди макулдашуу жөнүндө чечимди жокко чыгаруу талапкерди макулдашуудан баш тартуу үчүн каралган кесепеттерге алып келет.

29. Кызмат адамы макулдашуудан баш тарткан, макулдашуу жөнүндө чечим жокко чыгарылган учурда, көрсөтүлгөн адам баш тартууну алган же макулдашуу жөнүндө чечим жокко чыгарылган күндөн тартып 14 (он төрт) календардык күндөн кечиктирбестен ээлеген кызмат ордунан бошотулууга тийиш.

30. Лицензия берүүдөн баш тартуу үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:

- юридикалык жак тарабынан талаптагыдай таризделбеген документтердин берилиши;
- юридикалык жак берген документтерде туура эмес же бурмаланган маалыматтардын болушу;
- юридикалык жактын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген талаптарды сактабагандыгы;
- арыз ээсине иштин ушул түрү менен алектенүүгө тыюу салган соттун чечими болсо.

31. Башка негиздер боюнча, анын ичинде лицензия берүүнүн максатка ылайыксыз себептери боюнча лицензия берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

32. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин жүзөгө ашырууга лицензия ажыратылгыс болуп саналат жана башка адамга берилиши (сатылышы, ээликтен ажыратылышы, күрөөгө коюлушу, уставдык капиталга салынышы же башкача жол менен ээликтен ажыратылышы же чектөөсү, оорлотуусу) мүмкүн эмес. Лицензия конкреттүү юридикалык жакка анын акционерлерин (уюштуруучуларын, катышуучуларын), бенефициардык ээлерин жана ВАУА менен макулдашуудан өткөн кызмат адамдарын эске алуу менен берилет.

33. Акционерлердин (уюштуруучулардын, катышуучулардын), бенефициардык ээлердин курамын кандай гана болбосун өзгөртүүгө, виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун уставдык капиталындагы акциялардын (үлүштөрдүн) 10 (он) пайыздан ашыгын иш жүзүндө ээликтен ажыратууга, ошондой эле кызмат адамдарынын курамын өзгөртүүгө ВАУАнын алдын ала жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана жол берилет. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун үстүнөн контролдун ВАУАнын макулдашуусусуз башка жактарга өтүшүнө алып келген кандай гана болбосун өзгөртүү лицензияны иш жүзүндө өткөрүп берүү (сатуу) деп таанылат жана аны чакыртып алуу үчүн негиз болуп саналат.

34. Лицензия ВАУА тарабынан төмөнкү учурларда ВАУАнын чечиминде көрсөтүлгөн мөөнөткө убактылуу токтотулат:

1) Финкөзөмөлдүн инспектордук текшерүүсүнүн жүрүшүндө аныкталган тартип бузууларды жана ВАУАнын чечими боюнча таасир этүү чараларын жойбогондо;

2) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун өздүк каражаттары уставдык капиталдын минималдуу өлчөмүнө ылайык келбесе.

Лицензияны токтотуу мезгилинде виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору жаңы кардарларды кабыл алууга жана виртуалдык активдер менен жаңы бүтүмдөрдү түзүүгө укугу жок.

35. Лицензия ВАУА тарабынан төмөнкү негиздер боюнча кайтарылып алынат:

1) арыз ээси лицензия алуу үчүн лицензия берилгенден кийин аныкталган анык эмес маалыматтарды жана (же) жасалма документтерди берсе, анын ичинде уставдык капиталды түзүүгө багытталган акча каражаттарынын келип чыгышынын мыйзамдуулугун тастыктоо мүмкүн болбосо;

2) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун, анын акционерлеринин (уюштуруучуларынын, катышуучуларынын), бенефициардык ээлеринин же кызмат адамдарынын КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган санкциялык тизмектерге, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерге киргизилиши;

Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тиешелүү жак КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган санкциялык тизмектерге, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерге киргизилген күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде мындай акционерди (уюштуруучуну, катышуучуну), бенефициардык ээсин же кызмат адамын алмаштырууну камсыз кылууга милдеттүү. Бул талап аткарылбаган учурда лицензия кайтарылып алынууга тийиш.

3) лицензияны иш жүзүндө башка жакка өткөрүп берүү (сатуу, ажыратуу, оорлотуу, чектөө) же виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун үстүнөн контролдуктун ушул Жобонун 33-пунктунда белгиленген тартипте ВАУА менен алдын ала макулдашуусуз үчүнчү жактарга өтүшү;

4) ВАУАнын чечими менен белгиленген мөөнөттө лицензияны токтото туруу үчүн виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун негиздерин жойбогондо;

5) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторун банкрот деп таануу же юридикалык жакты-лицензиатты мажбурлап жоюу жөнүндө соттун чечиминин мыйзамдуу күчүнө кириши;

6) виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ВАУАга берилген жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде лицензиядан ыктыярдуу баш тартуусу;

7) лицензия берилген учурдан тартып виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору катары 12 (он эки) айдан ашык иш жүзөгө ашырылбаса.

36. Макулдашуудан, лицензия берүүдөн, лицензияны убактылуу токтотуудан же чакыртып алуудан баш тартуу жөнүндө чечим ВАУАнын чечими менен жол-жоболоштурулат жана ал кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күндүн ичинде виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна жөнөтүлөт жана ВАУАнын расмий сайтына жайгаштырылат.

37. Лицензияны токтото туруу жана/же чакыртып алуу жөнүндө маалыматтар виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестрине киргизилет. Лицензияны чакыртып алуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору виртуалдык активдерге байланыштуу кызматтарды көрсөтүү боюнча ишти жүзөгө ашырууга укугу жок. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору лицензияны кайтарып алган күндөн тартып 60 (алтымыш) календардык күндүн ичинде кардарлар менен эсептешүүлөрдү аяктоого жана кардарларга таандык болгон акча каражаттарын, электрондук акчаларды жана виртуалдык активдерди кайтарып берүү боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

Макулдашуудан, лицензия берүүдөн, лицензияны убактылуу токтото туруудан жана/же чакыртып алуудан баш тартуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн.

38. ВАУА тарабынан берилген лицензия төмөнкү учурларда токтотулат:

1) юридикалык жак жоюлганда;

2) жасалма каражаттарын алмаштыруу операторунун лицензиясын чакыртып алуу;

3) лицензияланууучу иштин түрүн жүзөгө ашыруу ыктыярдуу токтотулганда;

4) лицензияны жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

5) иштин лицензияланууучу түрлөрүнүн тизмесинен иштин айрым түрү алынып салынганда;

6) лицензия берилген учурдан тартып 12 айдан ашык убакыттан бери виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүсү катары иш жүргүзүлбөсө.

39. Ишти жоюу/ыктыярдуу токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда юридикалык жак чечим кабыл алынган күндөн тартып 15 жумушчу күндүн ичинде ишин токтотуу жөнүндө арызды жана лицензиянын түп нускасын себебин көрсөтүү жана юридикалык жактын башкаруу органынын тиешелүү чечимдеринин көчүрмөлөрүн тиркөө менен ВАУАга берүүгө тийиш.

40. Лицензия чакыртып алынган учурда, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору жокко чыгаруу жөнүндө билдирүү алган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ВАУАга лицензиясын тапшырууга милдеттүү.

ВАУА лицензиянын колдонулушу токтотулгандыгы жөнүндө маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттарында жана өзүнүн расмий сайтында жарыялайт.

41. ВАУА жоюлуп жаткан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлоруна бардык процедуралар аяктаганга чейин мониторинг жүргүзөт.

## 8-глава. Документтерди кароо тартиби

42. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун лицензиясын алуу үчүн берилген документтерди кароо мөөнөтү 30 (отуз) жумуш күндү түзөт.

43. Эгерде документтер ушул Жободо белгиленген талаптарга жооп бербесе жана / же документтердин топтому толук эмес берилсе, арыз ээси ВАУАнын жазуу жүзүндөгү билдирүүсүн алган күндөн тартып 15 (он беш) иш күндүн ичинде кошумча документтерди берүүгө тийиш.

Мында ВАУА баш тартуунун конкреттүү себептерин жана көрсөтүлгөн себептерди четтетүү менен юридикалык жак кайрадан карап чыгуу үчүн документтерди бере алгыдай мөөнөттү көрсөтүүгө милдеттүү.

Документтер электрондук почта аркылуу берилиши мүмкүн, андан кийин документтердин түп нускасы берилет. Мында арызды жана документтерди

ВАУАнын кароо мөөнөтү ушул Жобонун 42-пунктунда көрсөтүлгөн жалпы мөөнөттүн чегинде эсептелет.

44. Лицензия берүү документтерин кароонун алкагында арыз ээси уставдык капиталды түзүүгө жумшалуучу акча каражаттарынын жана (же) ушул Жобонун талаптарына ылайык арыз ээсинин уставдык капиталындагы акцияларды (үлүштөрдү) сатып алуу үчүн пайдаланылган каражаттардын келип чыгышынын мыйзамдуулугун тастыктаган документтерди берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн документтер ар бир акционерге (уюштуруучуга, катышуучуга) жана бенефициардык ээсине карата берилет.

ВАУА аталган каражаттардын келип чыгышынын мыйзамдуулугун тастыктоо мүмкүн болбогон учурда лицензия берүүдөн баш тартууга укуктуу.

Мыйзам талаптарына ылайык, ВАУА арыз ээсине лицензия жана виртуалдык активдерге байланыштуу уруксат берилген кызматтардын тизмесин берет.

45. Лицензия берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим арыз ээсине лицензия берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынгандыгы тууралуу жазуу жүзүндө кабарлоо менен ВАУАнын чечими менен жол-жоболоштурулат.

46. Арыз ээсинин ыйгарым укуктуу адамына лицензия берүү ишеним катты жана анын ким экендигин күбөлөндүргөн документтерди көрсөткөндө ишке ашырылат.

Ыйгарым укуктуу адамдан лицензия алууга берилген ишеним кат ВАУАда сакталат.

47. Юридикалык жак мыйзамда белгиленген тартипте кайра катталган учурда, аталышы өзгөргөндүгүнө, кайра уюштурулгандыгына жана реструктуризациялангандыгына байланыштуу юридикалык жак же анын укук мураскери кайра каттоодон өткөндөн кийин бир айлык мөөнөттө аталган маалыматтарды ырастаган тиешелүү документтерди тиркөө менен ВАУАга лицензияны кайра кайра каттоо жөнүндө арыз берүүгө милдеттүү.

48. Лицензия кайра таризделгенге чейин виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору анда көрсөтүлгөн ишти мурда берилген лицензиянын негизинде жүзөгө ашырат. Лицензияны кайра каттоо тиешелүү документтерди тиркөө менен лицензияны кайра каттоо жөнүндө арызды алган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күндүн ичинде жүзөгө ашырылат.

49. Жоголгон же жараксыз болуп калган ВАУАнын лицензиясынын ордуна виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун арызы боюнча аны алган күндөн тартып беш иш күндүн ичинде анын дубликаты берилет.

50. Лицензияны берүү, кайра тариздөө, дубликатты берүү, токтото туруу, жокко чыгаруу жана чакыртып алуу жөнүндө маалыматтар белгиленген тартипте ВАУА тарабынан жүргүзүлүүчү виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун реестрине киргизилет.

## 9-глава. Кардарлар менен мамиле түзүүнүн тартиби

51. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору ушул Жободо жана Кыргыз Республикасынын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү (КИК/ККЛК) чөйрөсүндөгү мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын резиденттери да, резидент эместери да боло ала турган кардарлар менен мамиле түзүүгө укуктуу.

52. Кыргыз Республикасынын терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү (КИК/ККЛК) чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык, кардарды талаптагыдай текшерүү жол-жобосу (KYC) жүргүзүлгөндөн кийин гана кандай болбосун операцияны жүргүзүүгө жол берилет.

Кардарды талаптагыдай текшерүү жол-жобосу төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) кардарды идентификациялоо жана анын инсандыгын верификациялоо;

2) кардарлар — юридикалык жактар үчүн-кардардын бенефициардык ээсин идентификациялоо жана верификациялоо;

3) кардарды жана анын бенефициардык ээсин Кыргыз Республикасынын КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү мыйзамдарында аныкталган санкциялык тизмелерде, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерде бар же жок экендигин текшерүү.

Эгерде виртуалдык активдердин тооругунун оператору тарабынан жарандын инсандыгын ырастоочу документти жана жарандын биометрикалык сүрөтүн (селфи) алууну камсыз кылган автоматташтырылган чечимдер колдонулса, кардарды (кардардын бенефициардык ээсин) алыстан идентификациялоого жана анын инсандыгын верификациялоого, анын ичинде Кыргыз Республикасынын резидент эместерине карата, ошондой эле алынган сүрөттү анын инсандыгын ырастаган документтеги сүрөт менен салыштырууга жол берилет.

53. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун кардарлар менен болгон мамилеси келишимдик негизде жана/же коомдук сунуш менен түзүлөт.

Алар аркылуу кардарлар менен мамиле түзүлгөн келишимдерде жана/же ачык офертада виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору ушул Жободо, "Виртуалдык активдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында, ошондой эле КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган шарттарды эске алууга милдеттүү.

Кардардын коомдук сунушту кабыл алуусу толук жана шартсыз болушу керек. Эгерде жарандык укук жаатындагы мыйзамдарда башкача каралбаса же ачык офертада көрсөтүлбөсө, ачык офертаны анын акцепти үчүн белгиленген мөөнөттө алган кардардын анда көрсөтүлгөн келишимдин шарттарын аткаруу боюнча аракеттерди жасашы акцепт болуп эсептелет.

54. Кардарлардын виртуалдык активдер менен бардык транзакциялары КИК/ККЛК(AML и KYT) боюнча мыйзамдардын талаптарын сактоо максатында виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан текшерилүүгө тийиш. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору маалымат/программалык камсыздоо тутумун колдонушу мүмкүн (программалык камсыздоо).

Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарлардын капчыктарын жана транзакцияларын текшерүү үчүн кошумча тышкы аналитикалык кызматтарды колдонушу мүмкүн.

55. Эгерде виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарларга өзүнүн адистештирилген платформасында электрондук жеке кабинетти түзүү мүмкүнчүлүгүн берсе, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору бир эле кардар тарабынан эки же андан көп электрондук жеке кабинеттерди түзүүнү болтурбоо боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү.

56. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору төмөнкүлөр менен мамиле түзүүгө укугу жок:

- 18 жашка чыга элек жеке жактар;

- жеке жактар, жеке ишкерлер, юридикалык жактар, ошондой эле бенефициардык ээлери КИК/ККЛК чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган санкциялык тизмектерге, ошондой эле эл аралык санкциялык тизмелерге киргизилген юридикалык жактар;

57. Кыргыз Республикасынын жарандары менен аларга виртуалдык активдерди акча каражаттарына же электрондук акчага сатуу же болбосо бир түрдөгү виртуалдык активдерди башка түрдөгү виртуалдык активдерге

алмаштыруу боюнча бүтүмдөрдү түзгөнгө чейин виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору алардын мындай бүтүмдөрдү жасоо үчүн жетиштүү билим (компетенттүүлүк) деңгээлине ээ экендигине ынанууга милдеттүү. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору аларга карата мындай билим деңгээлине (компетенттүүлүгүнө) ээ эмес деп белгилеген Кыргыз Республикасынын жарандары менен виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдү жасоого укуксуз.

Ушул пункттун биринчи абзацында көрсөтүлгөн бүтүмдөрдү жасоо үчүн билимдин (компетенттүүлүктүн) деңгээлин аныктоо толтуруу (чечүү) үчүн анкетаны (тестти) Кыргыз Республикасынын жарандарына берүү аркылуу виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан жүргүзүлөт.

Анкетага (тестке) минималдуу талаптар ВАУА тарабынан белгиленет жана ВАУАнын сайтына жайгаштырылат.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарга виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдө виртуалдык активдерди сатып алган адамдар туш болгон тобокелдиктер жөнүндө маалымат берип, виртуалдык активдер төлөм каражаты эместигин, мамлекет тарабынан камсыздалбагандыгын жана виртуалдык активдерди сатып алуу виртуалдык активдерге алмаштыруу үчүн берилген каражаттардын жана башка жарандык укуктардын (инвестициялардын) толук/жарым-жартылай жоголушуна (анын ичинде виртуалдык активдердин наркынын туруксуздугунун натыйжасында), техникалык бузулууларга (каталар) жана мыйзамсыз аракеттердин жасалышына алып келиши мүмкүн экендигин көрсөтүшү керек.

58. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарды идентификациялоо жана верификациялоо боюнча документтердин, анын ичинде кардарды алыстан идентификациялоо жана верификациялоо боюнча документтердин, кардардын тиешелүү анкеталарынын, келишимдин, ал эми кардар юридикалык жак болсо - уюштуруу документтеринин, ошондой эле билим деңгээлин (компетенттүүлүгүн) аныктоонун жүрүшүндө алынган документтердин мындай документтерди алган күндөн тартып кеминде 5 (беш) жыл сакталышын камсыз кылууга милдеттүү.

59. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору төмөнкүлөргө милдеттүү:

- кардарлар менен бардык ишкердик кат алышууларды жана өткөрүлгөн транзакциялар жөнүндө тастыктоочу документтерди кеминде 5 (беш) жыл аралыгында сактоого;

- ар бир жумуш күнү аяктагандан кийин кардар тарабынан жасалган бүтүмдөр (операциялар) жөнүндө бардык маалыматтардын резервдик көчүрмөсүн жасоого;
- ушул Жобого ылайык виртуалдык активдерди акча каражаттарына же электрондук акчага сатып алууга жана (же) сатууга же болбосо бир түрдөгү виртуалдык активдерди башка түрдөгү виртуалдык активдерге алмаштырууга кардарлардын билдирмелеринин өз убагында аткарылышын камсыз кылууга (мындай билдирмелерди аткаруу мүмкүнчүлүгү болгон учурда);
- виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун кызматкерлеринин жана алар тарабынан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин жүзөгө ашырууга түздөн-түз тартылган жарандык-укуктук келишимдер боюнча тартылган жактардын, виртуалдык активдерди жүгүртүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын, анын локалдуу ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле ушул Жобонун билимин камсыз кылуу боюнча чараларды көрүүгө;
- Кыргыз Республикасынын “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамында, ошондой эле ушул Жободо каралган башка талаптарды, анын ичинде виртуалдык активдерди жүгүртүү чөйрөсүндөгү жарнамага карата талаптарды аткарууга.

60. Виртуалдык активдерди алмаштыуу оператору кардарларга маалыматтын билдирилишин камсыз кылууга милдеттүү, мында кардардын көңүлү виртуалдык активдерди акчага же электрондук акчага сатып алууга жана (же) сатууга же болбосо бир түрдөгү виртуалдык активдерди башка түрдөгү виртуалдык активдерге алмаштырууга кардарлардын билдирмелерин аткаруу мөөнөтүнө, ошондой эле бир тараптуу тартипте виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан келишимди өзгөртүү жана токтотуу тартибине (эгерде мындай тартип келишимде каралган болсо) тартылууга тийиш.

61. Ар бир кардарга өзүнчө жеткириле турган маалымат (виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардар аны менен таанышкандыгын тастыктаган документти алуу менен) кардар үчүн жеткиликтүү формада болушу керек (текст так жана оңой кабыл алынышы керек, анын ичинде логикалык структуралаштырылган түрдө жана анда кабыл алуу үчүн татаал оозеки конструкцияларды колдонбостон, шрифттин оңой окулуучу өлчөмүндө).

## 10-глава. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдү жүргүзүү тартиби

62. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору төмөнкү виртуалдык активдер бүтүмдөрдү жүргүзөт:

- виртуалдык активдерди улуттук валютага, чет өлкөлүк валютага, электрондук акчага, анын ичинде эл аралык электрондук акчага сатып алуу;
- виртуалдык активдерди улуттук валютага, чет өлкөлүк валютага, электрондук акчага, анын ичинде эл аралык электрондук акчага сатуу;
- виртуалдык активдердин бир же бир нече түрүн (формаларын) виртуалдык активдердин башка түрлөрүнө алмаштыруу.

63. Виртуалдык активдер менен бүтүмдөр адистештирилген платформаны (өзүн-өзү тейлөө режиминде иштеген маалыматтык системаларды жана (же) программалык-техникалык комплекстерди) пайдалануу менен өзүнүн атынан жана өз кызыкчылыгында виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан түзүлөт.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун адистештирилген платформасына негизги талаптар ушул Жобонун 13-тиркемесинде.

64. Виртуалдык активдер менен бүтүм жасоо үчүн виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарлардан виртуалдык активдерди акча каражаттарына же электрондук акчага сатып алууга жана/же сатууга же болбосо бир түрдөгү виртуалдык активдерди башка түрдөгү виртуалдык активдерге алмаштырууга билдирмелерди алат, алар оферта болушу мүмкүн.

Билдирмелердин мазмунуна карата талаптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш жана виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун эрежелери менен аныкталат, анда аларды кабыл алуу, аткаруу жана эсептешүүлөрдүн шарттары так аныкталууга тийиш. Көрсөтүлгөн талаптарга жооп берген билдирмени аткаруу мүмкүнчүлүгү болгон учурда, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору аны кабыл алууга жана аткарууга милдеттүү.

Билдирмени аткаруу виртуалдык активдерди алгандан кийин жана кардар тиешелүү табыштаманы жиберген күнү жана кардар менен келишимдик мамилелерге ылайык кардарга билдирилген баада виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору тарабынан жүргүзүлүүгө тийиш. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору ошол учурдун келип чыгуу убактысын минутага чейинки тактык менен белгилөөнү жана кардарга виртуалдык активди сатып алуу, сатуу жана/же алмаштыруу күнүн, убактысын, курсун, бүтүмдүн суммасын жана көлөмүн белгилөөнү караган электрондук билдирүүнү жана/же документти жөнөтүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

65. Кардар менен виртуалдык активдер менен бүтүм түзүлгөндөн кийин дароо виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарга электрондук билдирүү же башка ырастоочу документ жөнөтүүгө, ал эми өзүн-өзү тейлөө режиминде иштеген программалык-техникалык комплекс аркылуу виртуалдык активдер менен бүтүм түзгөн учурда түзүлгөн бүтүмдүн бардык шарттарын камтыган чекти берүүгө милдеттүү.

66. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдерди жүгүртүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарын бузуу менен түзүлгөн жана (же) жайгаштырылган виртуалдык активдер менен анонимдүү бүтүмдөрдү жасоону жокко чыгаруучу чараларды көрүүгө милдеттүү.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлоруна төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- эгерде мындай капчыктардын ээлери/кармоочулары идентификацияланбаган болсо, иш-аракеттеринде купуялуулугу жогору виртуалдык активдердин капчыктарын (Private Wallets) пайдаланууга;
- иш-аракеттерде уникалдуу мүнөздөмөлөрү (NFT) менен энбелгилерди колдонуу;
- чет өлкөлүк финансы мекемелери тарабынан чыгарылган алдын ала төлөнгөн карттарды өз ишинде пайдаланууга;
- виртуалдык активдерди которууну жүзөгө ашыруу жана онлайн казино жана виртуалдык казинолордун ишине байланыштуу виртуалдык активдер менен операцияларды жүргүзүү;
- тобокелдиктердин деңгээли жогору болгон виртуалдык активдер, виртуалдык активдердин капчыктары менен операцияларды жүргүзүү.

67. Виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдү жүргүзүү үчүн, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардардан тиешелүү түрдө анын учурдагы (эсептешүү) банк эсебине, электрондук капчыгына же виртуалдык капчык дарегине (идентификаторуна) акча, электрондук акча же виртуалдык активдерди кабыл алат жана виртуалдык активдер менен бүтүмдүн түрүнө жараша кардарга акча, электрондук акча же виртуалдык активдерди сый акы катары которот.

Виртуалдык активдерди сатып алуу жана сатуу боюнча операцияларды жүргүзүүдө виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору накталай эмес эсептешүүлөрдү гана колдоно алышат.

68. Виртуалдык активдер менен бүтүмдөр боюнча тараптардын көрсөтүлгөн милдеттерди аткаруусунун ырааттуулугу виртуалдык

активдерди алмаштыруу оператору менен кардардын ортосундагы тиешелүү келишимде (тиешелүү келишимдерде) аныкталат. Эгерде тараптар виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардарга акча каражаттарын, электрондук акчаны же виртуалдык активдерди которуу боюнча милдеттенмесин кардар виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна акча каражаттарын, электрондук акчаны же виртуалдык активдерди которуу боюнча милдеттенмесин аткаргандан кийин гана аткарат деп макулдашса (виртуалдык активдерди камтыган бүтүмдүн түрүнө жараша), виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору кардардан алынган каражаттардын, электрондук акчанын же виртуалдык активдердин максатын аныктоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү (башкача айтканда, кардар бул каражаттарды, электрондук акчаны же виртуалдык активдерди виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна кандай тартипте которууну бир беткей аныктоо мүмкүнчүлүгү).

69. Кыргыз Республикасынын аймагында виртуалдык активдердин эмиссиясынын мамлекеттик реестрине киргизилбеген виртуалдык активдер менен бүтүмдөрдү жасоого тыюу салынат, буга виртуалдык активдердин тооругунун операторунун (криптобиржанын) листингине киргизилген, виртуалдык активдердин чет өлкөлүк тооругунун операторлорунан (криптобиржадан) чыгарылган жана жүгүртүлүп жаткан чет өлкөлүк виртуалдык активдер кирбейт.

Кыргыз Республикасынын резиденттери болгон жеке жана юридикалык жактарга лицензиясы жок виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлору аркылуу виртуалдык активдер менен операцияларды жүргүзүүгө тыюу салынат.

## 11-глава. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун отчет берүү тартиби

70. Кыргыз Республикасынын аймагында жүгүртүлүп жаткан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин жана виртуалдык активдердин агымын контролдоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору маалыматты жана мезгил-мезгили менен ай сайын берилүүчү отчетту ушул Жобонун 7-12-тиркемелеринде белгиленген мөөнөттөрдө жана формалар боюнча кварталдык жана жылдык финансылык отчетту Финкөзөмөлгө берип турууга тийиш.

71. Отчет көрсөтүлгөн мөөнөттө автоматташтырылган маалыматтык система аркылуу Финкөзөмөлгө электрондук түрдө (документтин сканерленген версиясы) берилүүгө тийиш.

72. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун ай сайынкы оперативдүү отчету 5-8-тиркемелерге ылайык отчеттук айдан кийинки 5 (беш) жумуш күнүнөн кечиктирилбестен Финкөзөмөлгө берилет.

73. Зарыл болгон учурда Финкөзөмөл берилген отчеттордон келип чыккан кошумча маалыматтарды жана документтерди суратып алууга укуктуу. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору Финкөзөмөлдүн суроо-талабын алган күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде суралган маалыматтарды жана документтерди берүүгө милдеттүү.

74. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору квартал сайын отчеттук мезгил аяктагандан кийин 15 (он беш) жумуш күнүнөн кечиктирбестен ФОЭСке ылайык түзүлгөн финансылык отчетту Финкөзөмөлгө берип турууга милдеттүү:

Финансылык отчеттуулуктун толук топтому төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) мезгил аяктаган күнгө карата финансылык абал жөнүндө отчет;

2) мезгил ичинде чогуу алгандагы финансылык натыйжанын кирешелери, чыгымдары жана башка компоненттери жөнүндө отчет;

3) мезгил ичинде өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет;

4) мезгил ичиндеги акча агымдары жөнүндө отчет;

5) Эсеп саясатынын негизги жоболорунан жана башка түшүндүрмө маалыматтардан турган эскертүүлөр.

75. Жыл сайын, жаңы финансылык жыл башталгандан тартып 105 (жүз беш) күндөн кечиктирбей Финансылык отчет менен бирге аудитордук корутундунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн жана ушул Жобонун 12-главасына ылайык виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун жетекчилигине аудитордун катын Финкөзөмөлгө берүүгө.

76. Эгерде отчет берүүнүн мөөнөтү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен таанылган дем алыш же жумуш эмес майрам күндөрүнө туура келсе, анда отчет берүүнүн мөөнөтүн эсептөө майрамдык иш эмес күндөн кийинки биринчи жумуш күндөн тартып башталат.

77. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору лицензия алынган айдан кийинки отчеттук айдан баштап отчет берет.

78. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун кызматкерлери өз убагында, туура жана так маалымат берүү үчүн жооптуу.

79. Финкөзөмөл Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер рыногун талдоо максатында ВАУАда виртуалдык активдер менен операциялар боюнча консолидацияланган отчеттуулукту берет.

Консолидацияланган отчеттуулуктун формасы жана тартиби ВАУА жана Финкөзөмөл тарабынан аныкталат.

## 12-глава. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишмердүүлүгүнүн аудити

80. Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши Кыргыз Республикасынын аудитордук иш жаатындагы мыйзамдарына жана аудиттин эл аралык стандарттарына жана КИК/ККЛК боюнча ички контролдук системасынын аудитине ылайык жыл сайын тышкы аудитордук текшерүүдөн өткөрүлүүгө тийиш. Маалымат системаларынын аудити эки жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлүшү керек.

Кыргыз Республикасынын аймагындагы аудиторлордун, аудитордук уюмдардын жана кесиптик аудитордук бирикмелердин бирдиктүү мамлекеттик реестрине киргизилген аудитордук уюм гана виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун тышкы аудитору боло алат.

Финансылык жыл аяктагандан кийин, виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору төмөнкүлөргө милдеттүү:

- жаңы финансылык жыл башталгандан тартып токсон күндөн кеч эмес мөөнөттө виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна тышкы аудит жүргүзүүнү камсыз кылууга;

- финансылык отчет жана виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун жетекчилигине аудитордун каты менен бирге финансылык отчет менен аудитордук корутундунун күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн Финкөзөмөлгө жаңы финансылык жыл башталгандан тартып жүз беш күндөн кечиктирбестен берүү.

## 13-глава. Корутунду жоболор

81. Виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору “Виртуалдык активдер жөнүндө” Мыйзамга ылайык виртуалдык активдерди жарнамалоо талаптарын аткарышы керек.

82. Виртуалдык активдерди жүгүртүү чөйрөсүндөгү талаптар бузулган учурда виртуалдык активдерди алмаштыруу операторуна карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таасир этүү чаралары колдонулат.

Виртуалдык активдерди
алмаштыруу операторунун
ишин лицензиялоо жана
жөнгө салуу жөнүндө жобого
1-тиркеме

Форма

**АРЫЗ**

______________________________________________________________

(толук аталышы, юридикалык дареги, иш жүзүндө жашаган дареги, уюлдук/стационардык телефон номери)

виртуалдык активдерди алмаштыруу оператору жүзөгө ашырган виртуалдык активдер кызмат көрсөтүүчүсүнүн ишин жүргүзүүгө лицензия берүүнү суранам.

Ушул арызды толтуруу менен, мен, арыз ээси, виртуалдык активдерди жүгүртүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары менен тааныш экенимди ырастайм жана жогоруда аталган иш-аракет үчүн талап кылынган бардык маалыматтарды жана документтерди тиркейм, атап айтканда:

1. Акционерлер / уюштуруучулар/катышуучулар жөнүндө маалыматтар ______________________________________________________________
2. Башкаруунун аткаруучу органынын курамы (юридикалык жактын жетекчисинин жана башкы бухгалтеринин аты-жөнү): ______________________________________________________________.
3. Жайгашкан жери (почта дареги), электрондук почта дареги жөнүндө маалыматтар.

Арызга тиркеме:_________ б.

Арыз ээсинин кол тамгасы жана мөөрү
«___» ____________________________ 20__ -ж.

Виртуалдык активдерди
алмаштыруу операторунун
ишин лицензиялоо жана
жөнгө салуу жөнүндө жобого
2-тиркеме

Форма

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун акционеринин (уюштуруучусунун)/катышуучусунун, бенефициардык ээсинин жана кызмат адамынын
АНКЕТАСЫ
(жеке адам тарабынан толтурулат)

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Ф.А.А. | | |
| 2 | Эгер фамилиясы алмашса: (мурдагы фамилиясы) | Качан: | Кандай себептер боюнча: |
| 3 | Туулган датасы: | Туулган жери: | |
| 4 | Паспорт | Сериясы: | Номери: |
| | Ким тарабынан берилди: | Берген датасы: | |
| 5 | Жарандыгы: | | |
| 6 | Иш жүзүндө жашаган жери:<br>моб. тел.: | | |
| 7 | Негизги иштеген жери: | Ээлеген кызмат орду: | |

8. Алыш-бериш жана башка эсептер ачылган банктардын аталышы жана жайгашкан жери:
_______________________________________________

9. ИЖН:
_______________________________________________

10. Акыркы 3 жылдын ичинде сизге кылмыш (финансылык/экономикалык жана кылмыш-жаза) айып тагылгандыгын, анын ичинде ишти токтотуу же алып салуу учурларын көрсөтүңүз (ооба/жок)

____________________________________________________________________

11. Өзүңүздүн финансылык милдеттенмелериңизди төлөө боюнча аткарылбаган соттун чечими

болгондо, аларды санаңыз:

12. Мен,

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

анкетада жогоруда берилген маалыматтар так жана толук болуп эсептелерин жана анкетада көрсөтүлгөн маселелер боюнча менин билимиме жана маалыматыма ылайык берилгендигин ырастайм.

__________________________ колу «____» ________________________ -ж.

Эскертүү:

• анкетанын ар бир барагына кол коюу зарыл;

• анкетадагы оңдоолор “оңдолгону анык” деген сөздөр жана өз колу менен күбөлөндүрүлөт.

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун ишин лицензиялоо жана жөнгө салуу жөнүндө жобого 3-тиркеме

Форма

Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун акционеринин (уюштуруучусунун)/катышуучусунун, бенефициардык ээсинин АНКЕТАСЫ (юридикалык жак тарабынан толтурулат)

1. Юридикалык жактын аталышы __________________________________________________

(юридикалык жактын толук жана кыскартылган аталышын көрсөтүү)

2. Юридикалык дареги ________________________________________________________

3. Түзүлгөн датасы ____________________________________________________________

4. ИСН ____________________________________________________________________

5. Юридикалык жактарды каттоо боюнча ыйгарым укуктуу органда катталган датасы
___

(мамлекеттик каттоо/кайра каттоо жөнүндө күбөлүктүн №)

6. Алыш-бериш жана башка эсептер ачылган банктардын аталышы жана жайгашкан жери:

7. Юридикалык жактын оффшордук зонада туруктуу жашаган акционерлери (катышуучулары) -

жеке жактар болсо көрсөтүңүз:

8. Юридикалык жак финансылык иш боюнча кимдир бирөө менен соттук талаш-тартыштарга катышканбы,

эгерде катышса - акыркы үч жылдагы соттук талаш-тартыштын деталдары

(доочу, жоопкер, талаш-тартыштын предмети, соттук иш кайсы соттук инстанцияда каралууда, ишти кароо кайсы этапта турат) жөнүндө толук көрсөтүңүз ______________________________

9. Өзүнүн финансылык милдеттенмелерин төлөө боюнча соттун аткарылбаган чечими болсо аларды санаңыз:

Юридикалык жактын жетекчисинин колу

Мөөрү

Виртуалдык активдерди
алмаштыруу операторунун ишин
лицензиялоо жана жөнгө салуу
жөнүндө жобого 4-тиркеме

Форма

МАКУЛДУК

жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө

Калктуу конуш, датасы ___________________________________________

Мен, _____________________________________________________________,

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

жашаган дареги: __________________________________________

Өздүгүн тастыктоочу документ: ______________________________

(документтин түрү)

сериясы _________№ ________________берилген __________________

(берилген күнү) (ким тарабынан берилген)

(ишенимдүү адамдар үчүн)

атынан иш алып баруучу ___________________________________________,

(фамилиясы, аты, атасынын аты)

жашаган дареги: _________________________________________

Өздүгүн тастыктоочу документ: ______________________________

(документтин түрү)

сериясы _____________ № _____________берилген ____________________

(берилген күнү) (ким тарабынан берилген)

______________________________________________________негизинде

(ишеним каттын, мыйзамдын, башка укуктук актынын)

ыйгарым укуктуу органга эркин, аң-сезимдүү, өз эрким боюнча толук жана шартсыз макулдук берем:

• иштетүүгө (жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, жаңыртуу, топтоо, бөгөттөө, өчүрүү жана жок кылуу максатында ыйгарым укуктуу орган тарабынан же анын көрсөтмөсү боюнча автоматташтырылган каражаттар менен же мындай каражаттарсыз аткарылган ар кандай операция же операциялардын жыйындысы), ошондой эле:

• жеке маалыматтарды берүүгө (ыйгарым укуктуу органга Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга берүү.

Жогоруда көрсөтүлгөн макулдук, анын ичинде төмөнкү жеке маалыматтарга жайылтылат: фамилиясы, аты жана атасынын аты (мурунку фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөрүлгөн датасы, жери жана себеби (өзгөртүлгөн учурда); туулган датасы жана жери ;жарандыгы жөнүндө маалыматтар (анын ичинде мурунку жарандыгы, башка жарандыгы); билими жөнүндө маалыматтар (билим берүү уюмунун аталышы жана аяктаган жылы, билими жөнүндө документтин аталышы жана реквизиттери, квалификациясы, окуу багыты же билими жөнүндө документ боюнча адистиги); окумуштуулук даражасы бар экендиги жөнүндө маалыматтар; чет тилдерди билүүсү, билүү деңгээли жөнүндө маалымат; жашаган жеринин (турган жеринин) дареги; байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары жөнүндө маалыматтар; өздүгүн ырастоочу документтин түрү, сериясы, номери, аны берген органдын аталышы, берилген датасы; салык төлөөчүнүн идентификациялык номери; үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөсүнүн жана жакын туугандарынын курамы; эмгек иши жөнүндө маалыматтар (анын ичинде аскердик кызмат, айкалыштырып иштөө боюнча иш, ишкердик иш-аракет, кызмат көрсөтүү жөнүндө келишимдердин негизиндеги иш-аракеттер ж. б.); мамлекеттик сыйлыктар, башка сыйлыктар жана айырмалоо белгилери (ким тарабынан жана качан сыйланган); соттолгондугунун бар же жок экендиги жөнүндө маалымат, анын ичинде колдонулган тартиптик жана административдик жоопкерчилик чаралары жана тартип бузуулар жана укук бузуулар үчүн жоопкерчилик жөнүндө маалымат; киреше жөнүндө маалымат, чыгымдар, мүлк жана мүлккө байланыштуу милдеттенмелер; жеке сүрөт).

Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды ыйгарым укуктуу орган тарабынан виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун иши жана

Виртуалдык алмаштыруу операторлорунун реестрин жүргүзүү жөнүндө жободо каралган лицензиялоо жол-жоболорун жүзөгө ашыруу максатында иштеп чыгуу үчүн берем.

Мен ушуну менен менин жеке маалыматтарымдын тактыгын текшерүү жана террористтик ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы күрөшүү боюнча маалыматты аныктоо үчүн башка мамлекеттик органдарга өткөрүлүп берилери жөнүндө мага кабарланганын ырастайм, ошондой эле, ыйгарым укуктуу орган менин жеке маалыматтарымды көзөмөлдөө жана лицензиялоо жол-жоболорунун алкагында жогоруда аталган адамдарга өткөрүп бергенде, мен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кийинчерээк кабарлоонун кажети жок экенин билип туруп жана шартсыз ырастайм.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук мөөнөтсүз болуп саналат (көзөмөлдү жана лицензиялоону жүзөгө ашыруу максатында дайыма колдонулат) жана ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып колдонулат.

«___» _________________________________ 20__ -ж.

Кол тамгасы ________________ Аты-жөнү _________________________

Виртуалдык активдерди
алмаштыруу операторунун ишин
лицензиялоо жана жөнгө салуу
жөнүндө жобого 5-тиркеме

| *Виртуалдык активдерди алмаштыруу операторлорунун ай сайын жүргүзүлүүчү операциялык отчету* | | |
|---|---|---|
| *Жалпы маалымат* | | |
| *№* | *Көрсөткүчтүн аталышы* | *Чечмелөө* |
| *1* | *Субъекттин аталышы* | |
| *2* | *Лицензиянын номери жана берилген күнү* | |
| *3* | *Жайгашкан жери* | |
| *4* | *Салык төлөөчүнүн идентификациялык салык номери (ИЖН)* | |
| *5* | *Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы* | |

| | | |
|---|---|---|
| ***6*** | ***Виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчүлөрүнүн байланыш маалыматы*** | |
| ***6.1.*** | ***телефон*** | |
| ***6.2.*** | ***e-mail*** | |
| ***6.3.*** | ***веб-сайт*** | |
| ***7*** | ***Жетекчи (Аты-жөнү)*** | |
| ***7.1.*** | ***Жетекчинин байланыш маалыматтары,***<br>***уюлдук телефон, e-mail*** | |
| ***8*** | ***Башкы бухгалтер (аты-жөнү/бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү боюнча кызмат көрсөтүүчү уюмдун аталышы)*** | |
| ***8.1.*** | ***Башкы бухгалтердин/бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү боюнча кызматтарды көрсөткөн уюмдун байланыш маалыматтары: уюлдук телефон, e-mail*** | |
| ***9*** | ***Учурдагы эсептешүү эсептери. Банктык реквизиттер: банктын аталышы, дареги, учурдагы эсеп номери, банктын МФУсу*** | |
| ***10*** | ***Чет өлкөдөгү эсептер. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан, чет мамлекеттин мыйзамдарына ылайык түзүлгөн банктын же башка кредиттик-финансылык мекеменин аталышы жана дареги; эсептин номери, ачылган күнү, эсептин түрү жана валютасынын түрү.*** | |
| ***11*** | ***Виртуалдык активдердин электрондук капчыгынын дареги, виртуалдык активдердин электрондук капчыгы ачылган платформанын аталышын көрсөтүү менен*** | |
| ***12*** | ***Уюштуруучулар (катышуучулар). Уюштуруучулардын (катышуучулардын) аталышы/аты-жөнү, үлүштөрдүн өлчөмү (акциялардын саны), байланыш маалыматы (телефон, e-mail)*** | |

| | | |
|---|---|---|
| *13* | ***Бенефициарлар. Бенефициардык менчик ээлеринин аты-жөнү, уюлдук телефону, e-mail (мүлктүн менчик ээси болуп саналган жеке адам, же болбосо акциялардын (уставдык фонддогу үлүштөрдүн, пайлардын) кеминде 10 пайызына ээлик кылган жеке адам, же болбосо түздөн-түз же кыйыр түрдө (үчүнчү жактар аркылуу) акыры милдеттүү түрдө көрсөтүүгө, ал кабыл алган чечимдерге таасир этүүгө же анын аракеттерин башка жол менен контролдоого укуктуу)*** | |
| *14* | ***Обочолонгон түзүмдүк бөлүмдөрдүн (филиалдардын, өкүлчүлүктөрдүн, аймактык обочолонгон бөлүмчөлөрдүн)аталышы, жайгашкан жери*** | |
| *15* | ***Уставдык фонддогу үлүшүн көрсөтүү менен виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүлөрүн берүүчү уюштуруучу (катышуучу, акционер) болуп саналган юридикалык жактардын аталышы, жайгашкан жери*** | |
| *16* | ***Отчеттук мезгилде уюштуруу документтерине киргизилген өзгөртүүлөрдү жана (же) толуктоолорду мамлекеттик каттоо датасы (даталары) (мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүк)*** | |
| *17* | ***Отчеттук мезгилдеги кайра уюштуруу жөнүндө маалыматтар: кайра уюштуруунун формасы, жаңы пайда болгон юридикалык жакты мамлекеттик каттоонун датасы, кайра уюштурууга байланыштуу уюштуруу документтерине киргизилген өзгөртүүлөр жана (же) толуктоолор*** | |

***Жетекчи***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы, мөөрү***

***М.О.***

***Башкы бухгалтер***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы***

Виртуалдык активдерди алмаштыруу
операторунун ишин лицензиялоо жана жөнгө
салуу жөнүндө жобого 6-тиркеме

***Форма***
***«Сатып алуу боюнча отчет»***

| *№* | *Транзакциялардын IDси* | *Датасы* | *Датасы* | *Сатып алуу* | *Статусу* | *Кардардын IDси, ИЖНи* | *Резидент/резидент эмес* | *Өлкө* | *Тобокелдиктин категориясы* | *Виртуалдык актив* | *Blockchain* | *Токен стандарты (ERC-20, TRC-20 ж.б.)* | *Саны* | *Баасы/Курс* | *Жалпы көлөмү (чет өлкө валютасында)* | *Жалпы көлөмү (сом менен)* | *Комиссия* | *Жөнөтүүчүнүн дареги* | *Алуучунун дареги* | *AML/KYT текшерүү* | *AML/KYC текшерүү* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

***Форма***
***«Сатуу боюнча отчет»***

| *№* | *Транзакциялардын IDси* | *Датасы* | *Датасы* | *Сатуу* | *Статусу* | *Кардардын IDси, ИЖНи* | *Резидент/ резидент эмес* | *Өлкө* | *Тобокелдиктин категориясы* | *Виртуалдык актив* | *Blockchain* | *Токен стандарты (ERC-20, TRC-20 ж.б.)* | *Саны* | *Баасы/ Курс* | *Жалпы көлөмү (чет өлкө валютасында)* | *Жалпы көлөмү (сом менен)* | *Комиссия* | *Жөнөтүүчүнүн дареги* | *Алуучунун дареги* | *AML/KYT текшерүү* | *AML/KYC текшерүү* |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

**_Форма_**
**_«Алмаштыруу боюнча отчет»_**

| № п/п | Транзакциялардын IDси | Датасы | Датасы | Операциянын статусу | Кардардын IDси, ИЖНи | Резидент / резидент эмес (жөнөтүүчү) | Резидент / резидент эмес (алуучу) | Тобокелдиктин категориясы | Өткөрүлүп берилген актив | Blockchain | Токен стандарты (ERC-20, TRC-20 ж.б.) | Саны | Баасы | Жөнөтүүчүнүн капчыгынын дареги | Алынган актив | Саны | Баасы/ Курс | Алуучунун капчыгынын дареги | Жалпы көлөмү (чет өлкө валютасында) | Жалпы көлөмү (сом менен) | Комиссия | AML/KYT текшерүү | AML/KYC текшерүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

***Жетекчи***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы, мөөрү***

***Башкы бухгалтер***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы***

Виртуалдык активдерди алмаштыруу
операторунун ишин лицензиялоо жана
жөнгө салуу жөнүндө жобого 7-тиркеме

***Форма***

## ***Капчыктардын реестри***

| № | Кардардын IDси | Капчыктын дареги | Капчыктын түрү | Blockchain | Токен стандарты (ERC-20, TRC-20 ж.б.) | Операциялардын саны | Жалпы жүгүртүү | Статусу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

***Жетекчи***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы, мөөрү***

***Башкы бухгалтер***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы***

Виртуалдык активдерди алмаштыруу
операторунун ишин лицензиялоо
жана жөнгө салуу жөнүндө жобого
8-тиркеме

***Форма Кардарлардын кайрылуулары***

| **№** | **Датасы** | **Кайрылуу номери** | **Кардардын IDси** | **Категориясы** | **Баяндоо** | **Статусу** | **Карап чыгуу датасы** | **Чечими** | **Жооптуу** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |

***Жетекчи***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы, мөөрү***

***Башкы бухгалтер***

***(фамилиясы, А.А.)*** ***кол тамгасы***

Виртуалдык активдерди алмаштыруу
операторунун ишин лицензиялоо
жана жөнгө салуу жөнүндө жобого
9-тиркеме

Адистештирилген виртуалдык активдерди алмаштыруу операторунун платформасына негизги талаптар

**1. Крипто алмаштыруу платформасы үчүн жалпы техникалык талаптар**

1.1. Платформа Кыргыз Республикасынын аймагында жайгашкан серверди, маалыматтар базасын жана резервдик кубаттуулуктарды кошо алганда, инфратүзүмдө иштеши керек.

1.2. Платформанын архитектурасы горизонталдык жана вертикалдык масштабды, үзгүлтүксүз иштөөнү жана жогорулаган жүктөмгө туруктуулукту камсыз кылышы керек.

1.3. Платформа күнү-түнү жеткиликтүүлүктү айына 99,5% кем эмес камсыз кылууга милдеттүү.

1.4. Платформада обочолонгон контурлар болушу керек: коомдук, операциялык жана административдик.

**2. Мүмкүнчүлүктү коргоо жана идентификациялоо**

2.1. Административдик персоналды авторизациялоо эки факторлуу аутентификацияны колдонуу менен ишке ашырылат.

2.2. Платформа сессияны, IP-даректерди чектөөнү жана аномалдуу активдүүлүктү көзөмөлдөөнү камсыз кылышы керек.

2.3. Сырсөздөрдү тандоодон, биргелешип (brute-force) кол салуудан жана уруксатсыз кирүүдөн коргоо механизмдери болушу керек.

**3. AML/KYT-контур**

3.1. Платформа мамлекеттик виртуалдык активдерди көзөмөлдөө системасы (KYT провайдери) менен интеграцияланышы керек.

3.2. Транзакцияга чейин же анын жүрүшүндө платформа транзакциянын маалыматтарын KYT-системасына автоматтык түрдө жөнөтүшү керек.

3.3. Эгерде жогорку кооптуу транзакциялар аныкталса, платформа кароо аяктаганга чейин акча каражаттарын алуу автоматтык түрдө токтотулушун камсыз кылышы керек.

3.4. Бардык AML-алерталар жана KYT-текшерүүсүнүн жыйынтыктары окуялар журналына жазылып, анда hash, сумма, даректер, тобокелдик деңгээли жана аныктоо убактысы көрсөтүлүшү керек.

**4. KYC/KYB-жол-жоболору**

4.1. Платформа жеке жактардын идентификациясын (KYC) камсыз кылышы керек: документ, селфи жана Liveness-текшерүү.

4.2. Юридикалык жактар үчүн (KYB) уюштуруу документтерин жүктөө, бенефициарларды аныктоо жана менчик түзүмүн текшерүү талап кылынат.

4.3. Бардык кардарлар санкциялардын тизмесине, PEP жана башка тобокелдик категорияларына текшерүүдөн өтүшү керек.

4.4. Платформа KYC/KYB маалыматтарын шифрленген түрдө коопсуз сактоону камсыз кылышы керек.

**5. Виртуалдык активдер менен иштөө**

5.1. Платформа колдоого алынган блокчейндердеги транзакцияларды туура түзүүнү, жөнөтүүнү жана көзөмөлдөөнү камсыз кылышы керек.

5.2. Платформа автоматтык түрдө даректердин жарактуулугун, анын ичинде тармактарды көзөмөлдөөнү жана checksum текшериши керек.

5.3. Ички которуулар (off-chain) тышкы транзакцияларга окшош жазылышы керек.

5.4. Платформа ысык капчыктардын ликвиддүүлүгүн башкарууну, анын ичинде балансты төмөндөтүү жөнүндө автоматтык эскертүүнү камсыз кылышы керек.

5.5. Анонимайзерлер, миксерлер, жеке пулдар жана каражаттардын келип чыгышын жашырган башка кызматтар аркылуу операцияларды жүргүзүүгө тыюу салынат.

**6. Кассалык логика жана комиссиялар**

6.1. Платформа колдонуучу операцияны тастыктаганга чейин комиссиянын ачык эсептешүүсүн камсыз кылышы керек.

6.2. Туруктуу жана динамикалык төлөмдөрдү колдоо милдеттүү болуп саналат.

6.3. Платформа курсту жана транзакцияны(atomic execution) синхрондуу фиксациялоону камсыз кылышы керек, ырастоодон кийин баанын айырмачылыгын жокко чыгарат.

**7. Логин жана маалыматтарды сактоо**

7.1. Колдонуучулардын жана администраторлордун бардык операциялары толугу менен логирлениши (катталышы) керек.

7.2. Логдор(каттоо) кеминде беш жыл сакталат.

7.3. API-чалуулар суроо жана жооп параметрлери менен белгиленет.

7.4. Жол-жоболук регламенттен тышкары логдорду(каттоону) алып салууга же өзгөртүүгө тыюу салынат.

**8. Маалымат коопсуздугу**

8.1. Маалыматтарды өткөрүп берүү  TLS протоколунун 1.2 же андан жогору версиясы менен корголушу керек.

8.2. Маалыматтарды сактоо -  AES-256 деңгээлиндеги же ага теңдеш шифрлөө алгоритмдерин колдонуу менен ишке ашырылууга тийиш.

8.3. Платформа CSRF, XSS, SQL-Injection, SSRF жана башка актуалдуу коркунучтарга каршы коргоого ээ болушу керек.

8.4. Тышкы периметрде WAF (веб-тиркемелерди коргоочу экран) жана DDoS-фильтрация орнотулушу шарт.

8.5. Платформа үзгүлтүксүз түрдө киберчабуулдардын тестирлөөлөрүнөн өтүп турушу керек.

**9. Интерфейс жана  функционалдуулук**

9.1. Платформа кардарларга операциялардын тарыхына, транзакциялардын статустарына жана аткарылган аракеттер боюнча билдирмелерге жеткиликтүүлүктү камсыз кылышы керек.

9.2. Платформа жаңы түзмөктөн кирүү болгондо кардарды автоматтык түрдө кабардар кылышы зарыл.

9.3. Колдоо кызматы кардардын жеке кабинетине интеграцияланышы керек (тикет-система).

**10. Жаңжалдарды башкаруу**

10.1. Кардардын же AML-офицердин талабы боюнча эсепти жана операцияларды дароо бөгөттөө механизмдери каралышы керек.

10.2. Бардык жаңжалдар катталууга, териштирилүүгө жана документтештирилүүгө тийиш.

10.3. Платформа резервдик калыбына келтирүү планына ээ болушу керек  (Disaster Recovery Plan).